**Кафедранын тарыхы**

И.Арабаев атындагы КМУнун Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту (КЖ жана ККДИ) 1997-жылдын 28-мартында Окумуштуулар кенешинин чечими (28.03.97г, № 3 протоколу) жана университеттин ректорунун приказы (14.07.97, № 76/5) менен уюшулган. Анын курамына эки кафедра кирген, анын бири- Табигый-математикалык билимдер кафедрасы.

Бул кафедранын түптөлүшүнө педагогика илимдеринин доктору, профессор Рахимова Магрифа Рахимовнанын эмгеги зор. Жалпы республика кризиске туш болуп жаткан мезгилде билим берүү тармагын кыйынчылыктан алып чыгуу үчүн жасалган кадамдардын бири болгон. Азыркы күндө эл үчүн жасаган эмгеги эске алынып институтка профессор Рахимова Магрифа Рахимовнанын ысымы ыйгарылган.

Табигый-математикалык билимдер кафедрасынын биринчи башчысы болуп б.и.к., доцент Чалданбаева А.К. шайланган. Андан кийин кафедраны илимдин кандидаттары, доценттер Тюмонбаева Н.Б, Темирова С.А. Аликова А.М., Тенирбердиев Н.К., Эгембердиев Ш.А., Халилова Г.Т. башкарып келишкен. 2021-жылдан баштап кафедраны ф.-м.и.к., доцент Белеков К.Ж. башкарып келет.



2023-жылы университеттин ректорунун приказы менен И.Арабаев атындагы КМУнун М.Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту (КЖ жана ККДИ) М.Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институту (ККББИ) болуп өзгөрдү.

Кафедра жалпы билим берүүчү мектептер үчүн керек болгон педагогикалык багыттагы: биология, математика, география, информатика жана көркөм өнөр профилдери боюнча кесип ээлерине билим берип келет.



И. Арабаев атындагы КМУнун М.Р. Рахимова атындагы ККББ институтунун Табигый-математикалык билимдер кафедрасы мезгилдин талабына жооп берип, көп жылдан бери келе жаткан университеттин алдынкы калыптанган салттуулугун сактап, республиканын жана коңшу мамлекеттердин билим берүү тармагына өз салымын кошуп кошумча кесиптик билим берүү ишин алып барат.

Кафедра педагогикалык билим берүү (550000) багытында: Табигый илимдер боюнча билим берүү (550100) даярдоо профилдери: география, биология; Көркөм өнөр искусствосу (550600) даярдоо профили: көркөм сүрөт; Физика-математикалык билим берүү (550200) даярдоо профилдери: информатика, математика боюнча жогорку квалификациялуу адистерди кайра даярдоо боюнча алгылыктуу иш алып барып келет. Бул процесстеги билим берүү, илимий-изилдөө, методикалык жана аналитикалык аспектилер менен байланышкан маселелерди ийгиликтүү чечүү кафедранын негизги маселелеринин бири болуп эсептелет.

Кафедранын билим берүү мейкиндиги биринчи кезекте студенттердин окуу, илимий-изилдөө жана кесиптик активдүүлүгүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүүгө, заманбап инновациялык билим берүү процесстерине катышуусу, өздөрүнүн илимий жана прикладдык долбоорлорун иштеп чыгуусу сыяктуу приоритеттүү маселелерге багытталган. Бүгүнкү күндүн адисинин ийгилиги кесиптик чеберчиликке ээ болуу менен гана чектелбестен, ошондой эле анын үзгүлтүксүз, туруктуу өнүгүүсүн, жаңы нерселерди өздөштүрүүгө жана кесиптик позициясын коргоого даярдыгын талап кылат.

Кафедра кошумча кесиптик билим берүү багыты боюнча азыркы экономикалык шартка жана социалдык муктаждыкка ылайык келчү жаңы сферадагы жогорку билимдүү педагогикалык кесипке ээ болууну иш жүзүнө ашырат.

Кафедра кесиптик билим берүү багыты боюнча билим берүү стандартынын талабына ылайык жогорку окуу жайлардын окутуучуларын жана жалпы билим берүүчү мекемелердин педагог кызматкерлерин теориялык жана практикалык билимин жаңылоону, профессионалдык деңгээлде учурдун талабына ылайык жүзөгө ашырат.

Окуу процесси орус жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү жогорку билимдин негизинде 2 жыл, орто-кесиптик билимдин негизинде 3 жыл.

Кафедра окуу, окуу-методикалык, илимий-методикалык жана тарбиялык иштер боюнча иш алып барат.

Табигый-математикалык билимдер кафедрасында профессор-окутуучулар жамаатына И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин жана Республиканын дагы башка билим берүү мекемелеринин жогорку квалификациялуу тандалган адистери контракттык негизде тартылган: лекция, практикалык сабактарды белгилүү окумуштуулар жана жогорку квалификациялуу окутуучулар өткөрөт.

Окутуучулар коллективинин 63% илимдин кандидаттары жана доценттер түзөт. Булардын ичинен көпчүлүгү көлөмдүү монография, методикалык окуу китептеринин авторлору. Профессордук — окутуучулар курамынын эмгек стажы орто эсеп менен алганда 15-20-жыл. Окуу процессине 19 окутуучу тартылган.

**Кафедранын окутуучуларынын курамы:**

Доцент, илимдин кандидаты — 5

Доценттин м. а., илимдин кандидаты — 6

Доценттин м. а., КРнын маданиятына эмгек синирген ишмер — 1

Ага окутуучулар — 5,

Окутуучулар —2

Кафедранын окутуучулары ар түрдүү проекттик түзүмдөр менен тыгыз байланышта болуп бир нече долбоорлордо иштешип келишет.